КОПИЯ ВЕРНА
Ученый секретарь

ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ
# ВЕСТНИК

КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО
УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

2013



специальный выпуск

ISBN 9967-21533X

*Мундузбаев Б.С.* Структура силовой подготовленности борцов ....................................111
*Нааматова Э.Б.* Окутуунун интерактивдүү усулдары ......................................................117
*Ниязова А.* Использование метода проектов при формировании у учащихся информационной и социально-коммуникативной компетентности................................122
*Омурканова Ч.Т.* История образования в Кыргызстане ..................................................124
*Омурканова Ч.Т.* XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында жашаган кыргыз эл акындарынын мурастарындагы жаш курак мезгилинин педагогикасы ..........................128
*Сарымсакова Б.Ж., Рыскулова Г. У., Досалиева М.* Башталгыч класста экологиялык билим берүүдөгү «мекен таануу» предметинин ролу.........................................131
*Сарымсакова Б.Ж., Рыскулова Г.* Психологиялык жагдайдын карым-катнаш, сүйлөшүүгө тийгизген таасири жана анын туюндурулушу («манас» эпосунун мисалында)...........................................................................................................135
*Сейталиева Э.С.* Организация самостоятельной работы студентов по дисциплине "Теоретические основы начальной математики".... ...................................................139
*Сманбаев Ө. А., Аманова А.Ө.* Кыргызстанда кесиптик багыт берүү маселесинин өнүгүшүнүн этаптары...........................................................................................................142
*Сулайманова Р.Т., Байтокова А.С.* Кыргыз элдик педагогикасы жана аны өнүктүрүүдөгү айрым массалык маалымат каражаттарынын орду................................147
*Сураналиева К.К.* Улуу "Манас" эпосун окутуудагы негизги проблемалар ................149
*Сураналиева К.К.* Токтогул Сатылгановдун чыгармаларындагы этномаданий салттын берилиши.. ..........................................................................................................................151
*Султаналиев Б.Т.* Пишпек чебинин уездик борбор шаар катары калыптанышы........154
*Суходубова Н.А.* Воспитание толерантной личности в условиях современной школы.......................................................................................................................................158
*Турусбекова А.Э.* Мугалимдин иш аракетинин мезгил талабына шайкеш келүүсү иштин натыйжалуулугу менен өлчөнөт.....................................................................................161
*Узакова М.К.* Педагогикалык факультеттердин 1-курсунун студенттеринин мектептик математикалык билимдерин актуалдаштыруу процесси ...........................................163
*Укелеева А.З.* Извлечение руды месторождения Ничке-Суу .......................................165
*Усубалиева Н.А.* "Манас" эпосундагы каармандар системасы .......................................168
*Чепекова Г.С.* Использование формативного оценивания на уроках русского языка в кыргызской школе ...............................................................................................................176
*Шамшиев Б.* Көркөм өнүгүүнүн үч баскычы ..................................................................179
*Шамшиев Б.* "Согуш философиясынын" көркөм аңыты ................................................186
*Шергазиев А.Ж., Өмүрбеков Ч.К.* Символикада бүркүттүн сүрөтүнүн берилиши коомдук жана тарыхый изилдөөлөрдө ...................................................................................193
*Эгамбердиева А.А.* Роль интерактивных технологий в преподавании "Информатики"............................................................................................................................199
*Файзуллаев Н.Ш.* Баткен областынын калкынын миграциясы......................................203

**Колдонулган адабияттар:**

1. Шкабара И.Е.Проблемно-генетический анализ как метод историко-педагогического исследования.//Педагогика.2003,№7.
2. СтруминскийВ.Я.О некоторых вопросх периодизации истории школы и педагогики.// Советская педагогика.1958.№123.
3. Королев Ф.Ф. К решению вопроса є периодизации истории советской школ и педагогики.//Советская педагогика.1958.№1.

**Сулайманова Р.Т**
*п.и.к.,Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору*
**Байтокова А.С.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун окутуучусу*

## КЫРГЫЗ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАСЫ ЖАНА АНЫ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ АЙРЫМ МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ОРДУ

Азыркы мезгилде биздин өлкөбүз толук кандуу, эгемендүү өлкөлөрдүн катарында өсүп өнүгүүсү үчүн ар бир атуулунун жан дүйнөсү таза, илим-билимге кайдыгер эмес, адамгерчилик сапаттарынын жогору болушу менен мүнөздөлөт. Андыктан, бүгүнкү күндөгү атуулдарыбызды жогорудагыдай көрсөткүчтөргө татыктуу өстүрүүдө, аларды тарбиялоодо элдик педагогиканын тажрыйбаларын колдонуу да массалык маалымат каражаттарынын орду абдан чоң мааниге ээ.

Эл агартуу журналында «Нравалык мамилелердин алгачкы калыптануу процессинин айрым өзгөчөлүктөрү» аттуу макалада жаштарыбыздын жүрөгүндө улуттук баалуулуктардын сакталышынан негиз боло турган ойлорду жаратуучу жоболор туюнтулат - «жаштарды моралдык тарбиялоодо, жалпысынан мазмуунду моралдык аң-сезимдин калыптанышына ата-бабаларыбыз осуят-нарк катарында калтырган тарбия башаттарына, акыл ойдун тунук булактарына, адептик жүрүм-турумдун жол жоболоруна, асыл кеңештерине, жалпы эле рухий дөөлөттөрүбүзгө кайрылып андагы ой берметтеринен таасир алып, аларды өздөштүрүп, көпчү-лүккө, коомчулукка кеңири жайылтуу зарыл.

Демек, нравалык аң-сезимди, анын генезисин жана эволюциясын терең окуп үйрөнүү адамзат цивилизациясын сактап калуунун зарыл шарты болуп кызмат өтөйт.

Ата-бабалардан калган бардык салттарды, жөрөлгөлөрдү, адабий, маданий мурастарды, элибиздин музыкасын жаш муундарыбызга үйрөтүүдө мектептин мугалимдери окуу пландарын системалуу, жыйнактуу, окуучуларга жеткиликтүү болгондой кылып түзүп алуусунун зарылдыгын "Мектеп-2000" журналы, мугалимдерге жардам катарында толугу менен ачып бере алган. Алар «Мурас» деген рубрикада элдик педагогиканын проблемаларын төмөндөгүдөй темалар аркылуу баяндашат:

1. Өрнөктүү өмүрлөр
2. Улуттук музыкалык аспаптар
3. Сыйкырдуу кайрыктар
4. Алтын казына(элдик казына)
5. Эл ичи – өнөр кенчи
6. Улуттук салттар

Кандай гана эл болбосун, анын басып өткөн жолу, жашап өткөн өмүрү бай. Ал өмүрлөр дат басып, керексиз болуп калган сынык эмес, ал өзүнүн бай тажрыйбасы менен соңку урпактарга бүтүндөй таалим.

*Өрнөктүү өмүрлөр.* Баба өмүрүн билген адам караңгыда шам чырактуу. Бабалар өмүрү – өрнөк. Бабалар калтырган издер: ак пейил, чыдамдуу, эрктүү, боорукер, айкөл, акылман, көрөгөч, өз элинин келечегине кам көргөн, өз улутунун намысын бийик жана таза сактаган адамдар. Мисалы, Курманжан датканын кайраттуулугу, эрктүүлүгү, чечкиндүүлүгү. Калыгул Бай уулунун акылмандыгы, көрөгөчтүгү, таасын сүйлөөсү. К.Тыныстанов, Т.Айтматов сыяктуу эли үчүн таза жүрөгү менен иштеген, бүтүндөй өмүрүн элге арнаган кыргыз инсандарын санап өтсөк жаңылбайбыз. *Улуттук музыкалык аспаптар.* Биздин улуттук маданиятыбыз, өнөрүбүз музыкалык аспаптар аркылуу берилет эмеспи. Алардын курамына кылдуу аспаптар, үйлөмө аспаптар, урма аспаптар кирет.

*Сыйкырдуу кайрыктар.* Күүнүн тарыхы – элдин тарыхы, өткөндү баалоо, үйрөнүү – нагыз маданияттын белгиси. Сыйкырдуу күүлөрдүн тарыхын үйрөнүү аркылуу жаштарды өзүнүн улуттук музыкасын сүйүүгө, аны түшүнө билүүгө, урматтого үйрөтөт, кызыгуусун арттырат. Адатта комузчулар күүнүн атын гана айтып чертишет. Бирок анын тарыхы айтылбайт. Күүнүн тарыхын билип туруп уксаң, түшүнүктүү болгонсуйт. Сыйкырдуу кайрык-тар залкар адамдардын акыл сезиминен жаралган, жашоо – тиричилигин камтыган күү-кайрыктарынын тарыхы. Биз бир топ күүлөрдүн пайда болуу тарыхын үйрөнүп алдык. Мисалы, «Сары Барпы», «Камбаркан», «Сынган бугу», «Көкөй кести», «Кер толгоо», «Төөгөчү» жана башкалар.

*Алтын казына (элдик казына).* «Кайнар булак соолбойт. Куймалуу көл бөксөрбөйт»-дейт элибизде. Өткөн тарых биротоло жиксиз жоголбойт, тарых-тарых бойдон кала берет. Анын баа-баркына чындап жетсе, кийинки муундарга баа жеткис кенч, басылбаган добулбас, даңгыр жол болот.

*Эл ичи- өнөр кенчи.* Эл ичи - казып бүткүс казына, соолубас булак, бөксөрбөгөн деңиз. Биздин адабиятыбыз, маданиятыбыз, көп жылдык катмарлуу байлыгыбыз ушул казынада. Мисалы, элдик дастандар, поэмалар, санжыралар, уламыштар, ырлар, жомоктор, эпостордун элдик варианттары, аңгемелер жана башкалар элибиздин талантын, ата салтын ичине камтыган, муундан - муунга мурас болуп өтүп жаткан байлык экендигин билдире жүрүү.

Эзелтеден элибизде колунан көөрү төгүлгөн өнөрлүү, зергерлер, усталар уздар жашап келет. Ушундай өнөр адамдарынын акылмандыгы, билермандыгы, иштермандыгы менен элибизге таандык байлыкты, көз тайгылткан улуттук буюмдарды жаратып келишкен жана жаратышууда. Мисалы, бир мык сарптабай жашоого ыңгайлуу боз үйдүн түзүлүшү, жасалга-ланышы, үстүнө түрдүү оймо-чийме түшүрүлгөн шырдак сыяктуу буюмдарды жаратышкандыгын сыймык менен белгилейбиз.

*Улуттук салттар.* Өзүбүздүн журтчулугубузду жоготпой, тээ байыртадан келе жаткан каада-салттарыбызды, жөрөлгөлөрүбүздү бекем сактоого умтулуу, алардын тарбиялык маанисине баа берүү.

Албетте, кыргыз элдик педагогикасын өнүктүрүүдө массалык маалымат каражаттарынын орду чоң. Себеби, келечек муундарыбыздын ата-тегибизге тиешелүү болгон салттык акыл-ойлорун, маданиятын, үрп-адатын алдыга жетелей бере турган негизги каражат бул массалык маалымат каражаты.

Улутубуздун жаркын келечеги элдик педагогикасы экендигин, элдик педагогиканын тамырын тереңдеп түшүнө албай туруп, мындан ары өсүп-өнүгүүбүз

мүмкүн эместигин азыркы ааламдашуу алкагында терең түшүнүүбүз абдан маанилүү жана зарыл шарттардан болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы.-1-бөлүк.-Б.,1996
2. Апышев Б. Тарбия назарияты.-Ош,1996
3. Абдылдаев М.К. Мурас.-Фрунзе,1990
4. Абдыраимова Р.А. Кыргызская энтопедагогика и воспитание детей.-Киев,1997
5. Иптаров С. Кыргыз элдик педагогикасы: Изденүүлөр жана табылгалар//Билим берүүдөгү инновациялык процесстер: проблемалар, тажрыйбалар, өнүгүү келечеги.-Б.,1995

**Сураналиева К.К.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун ага окутуучусу*

## УЛУУ «МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУДАГЫ НЕГИЗГИ ПРОБЛЕМАЛАР

Кыргыз искусствосунун туу чокусу, көөнөрбөс мурасыбыз «Манас» эпосун окуп үйрөтүүнүн негизги проблемалары байыркыдан берки тарыхыбызды, салт-санаабызды, кылымдарды карыткан көркөм сөз өнөрүбүздү, соолбос руханий кенчибизди азыркы өсүп келе жаткан XI кылымдын жаш муундарына тийиштүү деңгээлде үйрөтүү маселелери азыркы күндө кандай абалда жана мындан аркысы кандай болот деген ой ар бир адабиятчы мугалимдин жана патриот адамдын ой түпкүрүндө жашап келет. Адегенде эле «Манас» эпосун окутуу ишин канткенде туура алып барууга болот" деген суроо туулат. Ооба, мындагы эң башкы, маанилүү жагдайлардын бири - мугалим ар бир сабакта кайсы маселенин үстүндө иш алып бара тургандыгын башкы маселе катары кароо керек. Антпесе, баш-аламандыкка, чаржайыттуулукка жол берилип, окутуунун деңгээли кыйла аксай түшөөрүн эске алышыбыз керек.

Демек, ар бир педагогдун көп кырдуу изденүүчүлүк, чыгармачылык ишинде жалпы багыт катары профессионалдык даярдыгы, жеке жөндөмдүүлүгү, мүмкүнчүлүктөрү ар бир адабият мугалиминин адис катары сабактын ийгиликтүү, натыйжалуу болушуна өбөлгө түзөт. Дагы бир көңүл бура турган нерсе тандалып алынган үзүндү текстеринин кайсыларын аудитордук сабак, кайсынысын өз алдынча даярдануусуна берүү керектигин алдын-ала такталып алынуусу керек.

Алгач, окутуучу «Манас» эпосун студенттерге окутууда главаларга бөлүп алуусу абзел:

1. "Манас" эпосунун кыргыз элинин турмушунда алган тарыхый орду жана анын бү-гүнкү күндөгү мааниси;
2. «Манас» эпосунун эл оозунан жыйноо тарыхы;
3. «Манас» эпосунун негизги мазмуну, сюжети;
4. Улуу эпостун жарыяланыш тарыхы жана изилдениши;
5. Улуу эпостун руханий-адептик жана патриоттук дөөлөттөрү.

Жогорудагы бөлүмдөрдү жогорку окуу жайларында окутуу улуттук методика илиминин маанилүү бөлүмү катары каралат. Аталган бөлүмдөр менен иш алып барууда окуучуларды асыл идеяларга, жогорку моралдык сапатка, аң-сезимдүүлүккө, алардын адаттарына тарбиялоодо, турмушту тааный билүү деңгээлин жогорулатууда, адам турмушу жөнүндөгү билимин тереңдетүүдө, оозеки жана жазуу сөз байлыктарын байытууда кеңири мүмкүнчүлүккө ээ.